Заилова Ж.Ж., Ахматова Ш.А, Матисманова А.Ү., Каныбекова Н.К.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДА «АЙГҮЛ ГҮЛҮ» УЛАМЫШЫН ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨРКҮНДӨТҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

Заилова Ж.Ж., Ахматова Ш.А., Матисманова А.Ү., Каныбекова Н.К.

# ПУТИ ЗАЗВИТИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ ПРИ ПРЕПОДАВАНИИ ЛЕГЕНДЫ «ЦВЕТОК АЙГУЛЬ»

Zailova Zh., Akhmatova Sh., Matismanova A., Kanybekova N.

# WAYS OF DEVELOPING THE ENVIRONMENTAL CULTURE OF SCHOOL STUDENTS IN TEACHING THE STORY OF «AIGUL FLOWER » IN PRIMARY CLASSES

УДК: 37

Макалада башталгыч класстын окуучуларынын экологиялык маданиятын өркүндөтүүнүн жолдору, адабий окуу сабагындагы “Айгүл гүлү” уламышынын негизинде заманбап сабак өтүүнүн усулдары көрсөтүлдү. Башталгыч мектептердин экологиялык маданияты балдардын айлана-чөйрөгө жоопкерчиликтүү жана аяр мамилесин калыптандырууга багытталган баалуулуктардын, билимдердин жана көндүмдөрдүн системасын камтыйт. Бул жаратылышты коргоонун маанилүүлүгүн түшүнүү, ресурстарга кам көрүү, экологиялык демилгелерге катышуу жана күнүмдүк жашоодо туруктуу чечимдерди кабыл алуу дегенди билдирет. Башталгыч билим берүү системасы, анын максаттары, башталгыч класста өтүлүүчү адабий окуу сабагынын окутуу жана үйрөтүүдөгү көндүмдөр тууралуу маалыматтар берилди. “Окуганга чейинки, окуу учурунда, окугандан кийинки” стратегиясынын негизинде “Айгүл гүлү” уламышын сюжетин түшүнүү менен айрыкча кызыл китепке кирген өсүмдүктөрдү, жаныбарларды коргоо керектиги белгиленди. Адабий окууга үйрөтүүдө ишке ашырылуучу көндүмдөр тууралуу айтылды. Окуучуларга интерактивдүү өтүлө турган сабактагы топторго бөлүп иштетүүдөгү “Окурмандардын пикирлеринин тизмеси” стратегиясы менен кантип иштесе эффективдүү болору белгиленди.

Негизги сөздөр: башталгыч класс, билим берүү, окуучулар, стратегия, ой жүгүртүү,чыгарма, сабак, интерактивдүү.

В статье показаны пути повышения экологической культуры учащихся младших классов, методы проведения современных уроков на основе легенды «Цветок Айгуль» на уроке литературы. Экологическая культура начальной школы включает в себя систему ценностей, знаний и умений, направленных на формирование ответственного и чуткого отношения детей к окружающей среде. Это означает понимание важности сохранения, заботы о ресурсах, участия в экологических инициативах и принятия устойчивых решений в повседневной жизни. Была предоставлена информация о системе начального образования, ее целях, преподавании и педагогических навыках литературного урока, проводимого в начальной школе. На основе стратегии «до чтения, во время чтения, после чтения» и понимания сюжета легенды «Цветок Айгуль» было определено, что растения и животные, занесенные в Красную книгу, подлежат охране. Обсуждались навыки, реализуемые при обучении литературному чтению. Было отмечено, насколько эффективной будет работа со стратегией «Список мнений читателей» при разделении учащихся на группы на интерактивном уроке.

Ключевые слова: начальная школа, образование, ученики, стратегия, мышление, творчество, урок, интерактивный.

The article shows ways to improve the environmental culture of elementary school students, methods of conducting modern lessons based on the legend "Aigul flower" in the literary lesson. Environmental culture of primary schools includes a system of values, knowledge and skills aimed at forming a responsible and sensitive attitude of children to the environment. This means understanding the importance of conservation, taking care of resources, participating in environmental initiatives and making sustainable decisions in everyday life. Information was provided about the primary education system, its goals, teaching and teaching skills of the literary lesson held in the primary school. Based on the strategy "before reading, during reading, after reading" and understanding the plot of the "Aigul flower" legend, it was determined that the plants and animals included in the Red Book should be protected. Skills implemented in teaching literary reading were discussed. It was

noted how effective it would be to work with the "List of Readers' Opinions" strategy in dividing students into groups in an interactive lesson.

Key words: primary school, education, students, strategy, thinking, creativity, literary reading, lesson, interactive.

Заманбап билим берүүдө "кантип окутуу керек?", "эмнени үйрөтүү керек?" - деген суроолор маанилүү. Ошондуктан заманбап окуучулардын ишмердүүлүгүн уюштурууга жана өнүктүрүүгө багытталган билим берүү технологиялары алардын жөндөмдөрүн, сапаттарын, компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталышы керек.

Башталгыч билим берүүнүн максаты – балдардын негизги көндүмдөрүн, билимдерин жана социалдык, экологиялык маданиятын калыптандыруу. Ал мындан аркы билим алуу үчүн туруктуу пайдубалды түзүүгө, чыгармачыл ой жүгүртүүгө, социалдык адаптацияга жана баалуулуктарды калыптандырууга көмөктөшүүгө умтулат. Мындан тышкары башталгыч билимге кызыккандыгын арттырууга, моторикасын жана сүйлөө жөндөмүн өнүктүрүү, өз алдынчалык жана жоопкерчиликтүүлүк көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. Маанилүү максаттарынын бири – баланын инсандыгын ар тараптуу өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү жагымдуу билим берүү чөйрөсүн түзүү. Башталгыч билим берүү эмоционалдык интеллектти өнүктүрүүгө, социалдык өз ара аракеттенүүнүн негиздерин үйрөтүүгө жана туруктуу окуу көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган. Ал окуучуларды билим берүүнүн татаал баскычтарына даярдоодо, алардын ар тараптуу өсүшүнө жана коомго ийгиликтүү адаптацияланышына көмөктөшүүдө негизги ролду ойнойт.

Башталгыч билим берүүдө бир канча предметтер окутулат. Анын ичинде адабий окуу предметинде окуучулардын кандай көндүмдөрү ишке ашарына, “Айгүл гүлү” уламышын окутуунун жолдоруна, чыгарма аркылуу окуучуларды өсүмдүктөрдү, жаратылышты сактоого тарбиялоо керектигине токтолобуз.

Адабий окуу – эне тилин үйрөтүүнүн, окутуунун, аны практикада колдонуунун өзгөчөлүгүн, максатын, мазмунун жана ыкмаларын, биринчиден, тил – бул баарлашуунун каражаты, экинчиден, окутуу процессинин педагогикалык-психологиялык мыйзам ченемдүүлүктөрүн, үчүнчүдөн, коомдун социалдык керектөөлөрүн аныктайт. Бул теориялык концепциялардын негизинде адабий окуунун жалпы маселеси такталат, илим катарында өнүгөт. Ал эми практикалык негизинде илимий проблемаларды тактоого, ал тактоолорду практикада текшерүүгө жетише алат.

Адабий окууга үйрөтүүдө жалпысынан төмөнкү көндүмдөр ишке ашат:

- окуу көндүмү калыптанат;
- окуунун түрү менен иштөөгө үйрөнөт;
- баланын логикалык ойлоосун өнүктүрүүгө;
- улуттук чыгармалар менен таанышууга шарт түзөт;
- улуттук каада-салт, үрп-адаттар менен таанышууга;
- элдик таалим-тарбия үлгүлөрүнүн негизги каражаттары катары;
- ар бир чыгарманын тарбиялык мааниси терең жана жеткиликтүү үйрөнүүгө шарт түзөт;
- текст менен өз алдынча иштөөгө, тексттин моделин түзүүгө;
- текстке чыгарма жаратууга;
- биргелешкен, орток чыгармачылыкты түзүүгө;
- китеп окурмандыгын түзүүгө;
- инсандык калыптанууга багыт берет [1].

Башталгыч класстын окуучуларынын айлана-чөйрөгө аң-сезимдүү мамилесин калыптандырууда экологиялык билим чоң роль ойнойт.

Экология – грек тилинен которгондо “ойкос” – үй, “логос” – илим дегенди түшүндүрөт, башкача айтканда үй жөнүндөгү илим. Америкалык эколог Ю.Одумдун аныктамасы боюнча, экология бул “жаратылыштагы үй” тууралуу илим, ал өзүнүн кучагына ошол үйдү жашоо үчүн ыңгайлаштырган бардык функционалдык процесстерди жана анда жашаган бардык жандуу организмдерди кучагына камтыйт. Демек, окуучулардын экологиялык маданиятын калыптандырууда бардык жандуу организмдерди коргоо, сактоо, табият менен таттуу мамиледе болууга үйрөтүүбүз абзел [6].

“Айгүл гүлү” уламышын Окуу керемет долбоорунун “Окуганга чейин, окуу учурунда, окугандан кийин” стратегиясынын негизинде түшүндүрүп алуу натыйжалуу болот деп ойлойбуз.

Алгач окуучуларды кызыл, жашыл, көк түстөгү стикерлер менен каалаган түсүн тандадып топторго бөлүп алабыз.

Окуганга чейин. Окуучулар китептин же чыгарманын сюжети кандай өнүгөрү жөнүндө божомолдоолорду, жоромолдоолорду түзө билүүсү керек. Алар текстти окуп бүткөндөн кийин ырасталабы же жокпу? Бул текстти түшүнүү процессин көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берет – текстти окуп жатып, бала окуганга чейин коюлган суроолорго жооп табууга аракет кылат. Мындай аракеттер текстти терең түшүнүп окууга шарт түзөт.

Окуу учурунда. Окуу учурунда процесс окуунун төмөнкү формалары боюнча уюштурулат: үлгүлүү окуу, биргелешип, башкарып жана өз алдынча окуу.

Окугандан кийин. Окуучуларды башкы маалыматты (чыгарманын каарманы, кандай окуялар болду жана алардын ырааттуулугу, окуянын орду жана мезгили) таба билүүгө, тексттен алынган маалыматты жалпылай алууга, аларды салыштыра жана карама-каршы коё билүүгө, талдай алууга, өз оюн айта алууга жана окуганына өзүнүн мамилесин билдире алууга, өзүнүн окуп түшүнүүсүн баалай билүүгө үйрөтүү керек [3].

Айгүл гүлү (уламыш).

Бул чыгарма кандай болот деп ойлойсуңар? Илгери-илгери, азыркы Баткен жергесиндеги Кара-Булак аттуу айылдагы Айгүл-Таш деген жерде калдайган калың журтун калыс бийлеген бир хан жашаптыр. Анын ай-чырайлуу жалгыз кызы болуптур. Кызы хандын аскерлерин башкарган кол башчы жигитке ашык экен. Жигит да акылдуу, сулуу ал кызга аруу жүрөгүн арнайт. Эки жаштын маңдайга сыйбаган ошондой бактылуу күндөрүндө капыстан каран түн түшөт. Көркоо душман кол салып, бейпил жаткан элге азап-кайгы алып келди. Козулан жоокерлери менен душманга катуу айбат көрсөттү. Кан суудай акты, адамдар боодой сулады. Кишенеген жылкы, боздогон бото, абалаган ит үнү айыл аймагынан алыска угулду. Теңдешсиз кармаш көп күнгө созулду.

Окуя мындан ары кандай болушу мүмкүн? Кашык каны калганча кармашкан жоокерлер акыры кас душмандарынын мизин кайтарды. Кырылганы кырылып, калгандары атчаны атчандай, жөөсү жөө качып жөнөдү. Бирок, жеңиш канчалык кубанычтуу көрүнгөнү менен элди арылбаган азапка, түгөнбөгөн түйшүккө кабылтты. Далайлар багар-көрөрүнөн, үй ээсинен, таянар тоосунан кол жууду, жер боортоктоп жатып калды. Эр жүрөк Козулан жоо колунан катуу жарадар болду. «Элимдин эңсеген эркиндигине жеткирсем экен, эл ичинде сүйгөн жарым менен бактылуу жашасам экен!» деген ак тилегине жетпей, алдан тайып, көзү караңгылай баштаганда, айтууга араң жарады: «Жигиттер, жүрөгүмдү сууруп элиме жеткиргиле». Жоокерлер керээзин орундатышат. Тулпарын коштоп, жолката боздоп, киндик каны тамган жерине алып барышты. Эч кимиси Айгүлгө суук кабарды айта алышпады. Жалгыз гана жайдак тулпар жер чапчып, муңканып турду. Муну туйган Айгүл коштоп жүргөн 40 кызга жеткирбей тоо башына чуркады. Бийик жар башынан боюн төмөн таштаганга үлгүрдү. Андан бери канчалаган жаз, жай, күз, кыш өттү, тоо бети канча ирет жашылданып, канча ирет кумсарды. Ашыгынан ажырап, аскадан кулаган жерге кан чачырагандай Кызыл ыраң гүлдөр көктөм сайын жайнап чыгат. «Айгүл чыкты, жаз келди!» - дешет эл. «Касиеттүү гүлдү тепсебегиле, үзбөгүлө!» – дешет ата-энелер балдарына. Балдар да күн нуруна түркүнтүсүн кубултуп, армандуу окуяны эске салган гүлгө өзгөчө аяр мамиле кылууга аракеттенишет. Айгүл-Таш, Козулан-Таш тоолору муну сезгендей көктөм жамгырына боюн тосуп, жаз сайын ажайып кулпунуп алат.

1. Тынч жаткан эл эмнеге дүрбөлөңгө түштү?
2. Эмне үчүн Козулан алдан тайып калган кезинде жүрөгүмдү сууруп элиме жеткиргиле деди?
3. Айгүлдүн бийик жардан боюн таштаганга эмне себеп болду?
4. Эмне үчүн тоонун аты Айгүл-Таш аталып калыптыр?
5. Бул гүлдү эмне себептен коргоо керек деп ойлойсуңар?

Чыгарманын сюжети менен таанышып, окуп-түшүнгөндөн кийин, “Окурмандардын пикирлеринин тизмесинен” жана ишти аткаруу жолдорунан тандатып иштетсек болот.

1-таблица

Окурмандардын пикирлеринин тизмеси

| | | |
|---|---|---|
| 1<br>Кызыктуу фактылар | 2<br>Чыгарманын сюжеттик линиясы | 3<br>Чыгарманын башкы каарманын баяндоо |
| 4<br>Чыгарманын негизги ою | 5<br>окуя болуп өткөн ордун баяндоо | 6<br>Чыгармада болуп жаткан окуяны баяндоо |
| 7<br>Жабык суроолорду берүү (жөнөкөй жоопторду берүү) | 8<br>Чыгарманын жанрын аныктоо | 9<br>кайра айтып берүүнүн планын түзүү |

| | | |
|---|---|---|
| 10<br>Каармандарды салыштыруу жана<br>карама-каршы коюу | 11<br>Чыгарманын эки каарманын салыштыруу | 12<br>Ачык суроолорду коюу (толук мазмунду камтыган кеңири жоопторду атлап кылган) |

Ишти аткаруунун жолдору:
- ✓ Плакат;
- ✓ Иллюстрация;
- ✓ жазуу иши (тесттин түрлөрү: сүрөттөмө билдирүү, ой жүгүртүү, ишендирүү);
- ✓ инсценировка (сахналаштыруу/драма);
- ✓ графикалык уюштуруучу;
- ✓ же окуучулардын демилгеси боюнча башка нерселер [3].

Мында окуучулар топто кеңешип, тандап аткарышат. Маселен, Чыгарманын сюжеттик линиясын тандап, ишти аткаруунун жолдорунан инсценировка (сахналаштыруунун/драманы) тандап, ролдоштуруп аткарып беришет. Мындай жолдор менен окутууда дифференцирлеп окутуу да ишке ашат. Анткени, окуучулар өздөрү кызыккан, аткара ала турган бөлүктөрдү тандап аткарышат.

Окуучулар жашоосундагы алар үчүн кызыктуу болгон кызыл китепке кирген өсүмдүктөр, эмне себептен алардын жок болуп кетүү коркунучунда турушу жөнүндө ой бөлүшөт. Айгүл гүлү жылына бир жолу апрель айында гүлүн ачып, бир ай гүл мезгили болот. Бирок, аны көрүүгө келген адамдардын ырайымсыздыгынан жулунуп, үзүлүп, азайып бараткандыгы жанды кейитет. Кара- Булак айылындагы мектеп окуучулары өздөрү демилге көтөрүп, аны коргоо үчүн кезекке туруп, үздүрбөй сакташат. Бүгүнкү күндө азайып кеткендигине байланыштуу 3 жылга кирүүгө тыюу салынып, корголуп жатат.

Өсүмдүктөргө кам көрүү экологиялык билим берүүнүн бир бөлүгү катары маанилүү. Сабакта өсүмдүктөрдүн жаратылыштагы орду, айлана-чөйрөгө тийгизген таасири жана аларды коргоонун зарылдыгы жөнүндө, отургузуу, багуу, алардын өсүшүнө байкоо салуу сыяктуу ар түрдүү иш-чаралар жаратылышка жоопкерчилик менен мамиле жасоого шарт түзөт.

Башталгыч мектепте экологиялык маданиятка үйрөтүү балдардын экологиялык аң-сезиминин калыптанышына өбөлгө түзөт, ал келечекте чоңойгондо жаратылышка жоопкерчиликтүү мамиле жасоого алып келет.

Адабияттар:


1. Сакиева С.С. Новые взгляды обучения литературного чтения. / Известия Вузов Кыргызстана, №7, 2016.
2. Рысбаев С., Ибраимова К., Абдухамидова Б. «Адабий окуу», 4-класс. Бишкек, 2015
3. Келгиле окуйбуз. Окуганын түшүнүү. 5-модуль. Бишкек, 2014.
4. Одум Ю. Основы экологии. – М.: Мир, 1975. – С. 303.